8. Эгембердиев Т. Метафизика Тенгрианства. \\Сборник научных статьей Первого международного научного симпозиума по тенгрианству “Тенгрианство – мировоззрение алтайских народов”. -Бишкек, 2003.

**References:**

1. Bezertinov R.N. Tengrianism – the religion of the Turks and Mongols. –Kazan, 2004.
2. Bichurin N.Ya. – Collection of information about ancient peoples who lived in Central Asia in ancient times. Vol.1-3. –M. 1950-51.
3. Myths of the peoples of the world, 2-T. -M.: SE, 1992. Gl. ed. S.A.Tokarev.
4. Omuraliev Ch., \\ Collection of scientific articles of the First International Scientific Symposium on Tengrianism “Tengrianism – the worldview of the Altai peoples". -Bishkek, 2003.
5. Sarygulov D., \\Collection of scientific articles of the First International Scientific Symposium on Tengrianism “Tengrianism – the worldview of the Altai peoples". -Bishkek, 2003
6. Stingle M. Mysterious Poinesia. - M.: Nauka, 1991. Gl. ed. Oriental literature.
7. Togusakov O.A., Zhumagulov M.J. Pre-Islamic beliefs as the origins of environmental ethics. \\Humanitarian problems of our time. Scientific works of young scientists. Issue 15. -Bishkek. 2012
8. Egemberdiev T. Metaphysics of Tengrianism. \\Collection of scientific articles of the First International Scientific Symposium on Tengrianism “Tengrianism – the worldview of the Altai peoples". -Bishkek, 2003.

УДК: 796
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(1)-96-102

**Асылташов Б. С., Джанузаков К.Ч., Арстанбеков С.А.**
Кыргыз-Түрк Манас университети, Коомдук илимдер институту, магистрант,
Кыргыз-Түрк Манас университети, спорт илимдер факультети, педагогика илимдеринин кандидаты, профессор,
Б.Турусбекова атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясы, аспирант
**Асылташов Б. С., Джанузаков К.Ч., Арстанбеков С.А.**
Кыргызско-Турецкий университет Манас, Институт социальных наук, магистрант,
Кыргызско-Турецкий университет Манас, факультет спортивных наук, кандидат педагогических наук, профессор,
Кыргызская государственная академия физической культуры и спорта им. Б. Турусбекова, аспирант
**Asyltashov B. S., Dzhanuzakov K. Ch., Arstanbekov S. A.**
Kyrgyz-Turkish Manas University, Institute of Social Sciences, Undergraduate,
Kyrgyz-Turkish Manas University, Faculty of Sports Sciences, Candidate of Pedagogical Sciences, Professor,
Kyrgyz State Academy of Physical Culture and Sports named after B. Turusbekov, postgraduate student

# КЫРГЫЗ КҮРӨШҮНҮН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА ӨНҮГҮҮ ЭТАПТАРЫ
# ВИДЫ И ЭТАПЫ РАЗВИТИЯ КЫРГЫЗ КУРЕША
# TYPES OF KYRGYZ WRESTLING KUROSH AND STAGES OF DEVELOPMENT

**Аннотация:** Макалада улуттук кыргыз күрөшүнүн түрлөрү, жана өнүгүү этаптары ыкмаларынын айырмаланышы каралды. “Кыргыз күрөшү”, “Лейлек күрөшү”, (“Ферген күрөшү”), “Алыш күрөшү”, Кулатуу күрөштөрүнүн колдонуу жана өнүгүү этаптары изилденди. Изилдөөдө пайдаланылган методдор документалдык материалдарды, илимий методикалык адабияттарды талдоо, аңгемелешүү, сурамжылоо, интервью алуу. Алсак мындан тышкары мелдеш учурунда Улуттук күрөшүн түрлөрү менен жалпы элдин кызыгуусу жана өнүгүү жолуна түшүп келе жаткандыгын байкай алсак болот. Кыргыз элинин “Кыргыз күрөш” байыркылык менен эле терең байланышкан каада-салттар, үрп адаттар, калк арасында, той, аш, белгилүү күндөрдө дайыма өткөзүп келишкен. Кыргыз эли уруу-урууга, уруулук уюмдардан түзүлгөн. Дене тарбия катары “Кыргыз күрөшкө” чоң маани берилген. Кыргыз күрөшү, алыш күрөшү, Лейлек күрөшү, Кулатуу күрөштөрүнүн түрлөрү жана ыкмаларынын айырмаланышы, түптөлүшү келип чыккан десек жаңылышпайбыз.

**Аннотация:** В статье описаны виды национальной борьбы в Кыргызстане, а также разница методов и этапов развития этого вида спорта. Изучены современные технологии прошлого и настоящего, этапы применения и развития национальной борьбы по региональным признакам “Кыргызская борьба”, “Лейлек борьба”, (“Ферганская борьба”), “Алышская борьба”, борьба на выбывание. Для данного исследования наряду с анализом документальных материалов, научно-методической литературы использовались методы опроса и интервью. “Кыргыз күрөшү" имеет обычаи и традиции, глубоко связанные с древностью, эти виды борьбы наиболее распространены не только у кыргызов, но и в Средней Азии в целом. В наше время, действующие борцы добиваются больших успехов на мировой и международной аренах и побеждают на международных соревнованиях, что привлекает интерес широкой публики к националным видам спорта.

**Abstract:** The article describes the types of national wrestling in Kyrgyzstan and the difference in methods and stages of development. The modern technologies of the past and present, the stages of application and development of national wrestling on regional grounds "Kyrgyz wrestling", "Leilek wrestling", ("Fergana wrestling"), "Alysh wrestling", elimination wrestling were studied. For this study, along with the analysis of documentary materials, scientific and methodological literature, survey and interview methods were used. “Kyrgyz kuroshu" has customs and traditions deeply connected with antiquity, these types of wrestling are most common not only among the Kyrgyz, but also in Central Asia. Nowadays, active wrestlers achieve great success in the world and international arenas and win international competitions, which attracts the interest of the general public in national sports.

**Негизги сөздөр:** Улуттук кыргыз күрөш, Алыш, Спорт, Кулатуу, Лейлек күрөштөрү.

**Ключевые слова:** Национальная кыргызская борьба, борьба, спорт, нокдаун, борьба Лейлек

**Keywords:** National Kyrgyz wrestling, Kyrgyz Kurosh, wrestling, sport, knockdown.

**Киришүү.** Күрөш илгертеден белгилүү спорттун бирден бир байыркы жана сүйүктүү түрү. Күрөш байыркы кылымдан бери адам баласынын алгачкы жаралышынан тартып эле бири-бирин коргоп күрөшүп келгендиги белгилүү. Мындай кармаштарда, адамдын көндүмдөрү, шамдагайлык жана тактикалык кармаштар өнүгүп, калыптанган. Адам баласы изденип жана ар кандай ыкмаларды ойлоп таап жекеме жеке күрөштөрдө жеңиштерди

жаратышкан. Азыраак күч колдонуп, ар кандай ыкмалар аркылуу жеңишке жетүүгө аракеттенген [4]. Ошону менен бирге эмгектенип отуруп, ар кандай ыкмаларга машыгып, аны укумдан тукумга өткөрүп келишкен. Ойлоп табылган ыкмалар кармаштарда колдонулуп элдин жетишкендигин билдирген. Ошентип элдик күрөштүн алгачкы табылгалары жаралган. Көпчүлүк элдин тагдыры көптөгөн согуштар менен коштолгон [1]. Кармаштарда, согуштарда көбүнчө жекеме-жеке кармашууга туура келген. Албетте, ал убакта биздин ата-бабаларыбыз жекеме-жеке күрөштөрдү жогору баалашкандыктан согуштарда күрөштүн элементтерин өз жерин, мекенин коргоодо көп колдонушкан [3]. Күрөш убагында балбандардын күчүн, шамдагайлыгын, тартынбастыгын, амалдуулугун, эркүүлүгүн байкап көрүүгө мумкүн болуп кызыгууну жараткан. Ошентип күрөштүн пайда болуп өнүккөндүгүн ар кандай эстеликтерден, белгилүү сүрөтчүлөрдүн эмгектеринен көрүүгө болот. Ал гана эмес, акындар, сүрөтчүлөр ошол мезгилдеги элдик спорттун түрүн өз чыгармаларында чагылдырып кетишкен [2].

**Изилдөөнүн максаты:** Улуттук кыргыз күрөш түрлөрүнүн айырмачылыктарын, өзгөчөлүктөрүн жана өнүгүү этаптарын изилдөө.

**Изилдөөнүн уюштурулушу жана методдору:** Заманбап спортчулардын машыгуу проссецин, аларды түрдүү мелдештерге даярдоону пландоо. Эл аралык жана Республикалык мелдештерде аткарылган ыкмаларына анализ берүү. **Методдор:** документалдык-материалдарды, илимий-методикалык адабияттарды талдоо, сурамжылоо, анкета жүргүзүү жана аңгемелешүү.

**Изилдөөнүн жыйынтыгы**

Улуттук кыргыз күрөшүнүн , лейлек күрөшүнүн, алыш күрөшүнүн, кулатуу күрөшүнүн өнүгүүсүнүн перспективи жана максатты. Улуттук кыргыз күрөшү, алыш күрөшү, лейлек күрөшү жана кулатуу күрөштөрүнүн ыкмаларынын колдонуу айырмачылыктары белгилүү деңгээлде байкалат, ажырата биле алабыз. Илимий-методикалык адабияттарды талдоонун негизинде төмөнкүдөй маалыматтарга жете алдык. **Кыргыз күрөшүнүн өнүгүү жолу.** Кыргыз эли көп урууларды бириктирип, Енисей жана Тянь-Шанды жердеп келишкен. Кыргыз элинин “күрөш” спорт түрү түп тамыры менен тээ илгерки убакка барып такалат.Үзгүлтүксүз салгылашуудан өздөрүн коргонуу үчүн, мал мүлкүн жерлерин кооруп муундан-муунга өткөзүп келишкен. Ошол убакта эле той-аш, белгилүү күндөрү улуттук оюндары менен коштолуп келген. Алсак. “Манас” эпосундагы “Кошой менен Жолойдун”. “Эр Табылды” эпосунда “Семетей”, ”Сейтек”, ”Эр Төштүк”, “Жаңыл Мырза” эпосторунда баатырларыбыз, эл жерин коргош үчүн кылыч, найза, жаа атуу, күрөш, эңиш, бирин-бири кулатуулар менен машыгып келишкен [6]. Улуттук кыргыз күрөшү, Октябрь революциясы убагында эл жайлоодон кеткенде, жайлоодон келгенде, аш тойлордо өткөрүлүп турушган [5].

Совет доорунда (В.В Озоровский),(А.П.Рождественский) Улуттук кыргыз күрөшүн изилдеп башташкан. 1922-жылы Пишпектин комсомол окутуучулары уюштурушкан. 1928-жылы Суусамыр жайлоосунда улуттук мелдештер өткөрүлүп турчу.

1929-жылы биринчи айыл кыштактардын арасында бирични Республикалык мелдештер өткөн. 1934-жылы август айында“күрөш”Борбор Азиядагы элдердин арасынан кыргыз күрөшү спартакиадасына киргизилген. Ошондо кыргыз спорту чоң өнүгүү жолуна түшө баштаган. 2014, 2016, 2018 жана 2022 жылы өткөрүлгөн дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын программасына кирген жана бир топ элдердин кызыгуусун арттырып 2019-жылы Азия

биринчилиги Бишкек шаарында өткөрүлнөн. Эл аралык кыргыз күрөш федерациясы түптөлүп көптөгөн өлкөлөрдө федерацияга мүчөлөр ачылган. Аңгемелешүүдөн алынгын маалыматтарга таянсак учурда республика боюнча кыргыз күрөшү боюнча 3800дөн ашуун балбан машыгып келүүдө.

**Алыш күрөшүнүн өнүгүү жолу.** 2001- жылдын ноябрь айында Алыш боюнча Литвияда эл аралык турнир өткөрүлдү. 2002- жылдын 29-майынан 2-июнга чейин Түркменстанда эл аралык мелдеш өткөрүлгөн. 2002-жылдын февраль айынан тартып июлга чейинки мөөнөтө Казакстанда, Тажикстанда, Түркменстанда, Россияда, Карачай-Черкессияда, Казаньда, Москвада жана Иран Ислам өлкөлөрүндө семинарлар өткөрүлгөн. 2002-жылдын августь айында Иран Ислам Республикасында, Гулистан облусунда алыш күрөшү боюнча турнир өткөлүлдү. 2002-жылдын 21-22 сентябрь айында Кыргыз Республикасынын Ош шаарында дүйнөнүн 36 өлкөсүнүн өкүлдөрү катышкан эркектер жана аялдар арасында Азиялык жана Дүйнөлүк чемпионаттар өткөлүлдү. 2002-жылдын ноябрь айында Германияда алыш күрөшү боюнча эл аралык турнир өткөлүлдү. 2002-жылдын 16-17-декарында Беларусия мамлекетинин республикалык биринчилиги өткөлүлдү. 2002-жылдын 3-6- июнунда Москва шаарында 9 өлкөнүн катышуусунда сабактар жана алыш күрөшү боюнча эл аралык турнир өткөлүлдү. 2003-жылдын 19-20-сентябрь айында Алыш күрөшү боюнча Россия Федерациясынын чемпионаты өткөлүлдү. 2003-жылдын апрель айында Түркменстандын тандалма чемпионаты өткөлүлдү. 2003-жылдын 14-май айында 18-областын өкүлдөрү катышкан Иран Ислам Республикасынын чемпионаты өткөлүлдү. 2003-жылдын 15-17- майында 7 өлкөнүн балбандары катышкан Иран Ислам Республикасынын эл аралык турнир өткөлүлдү жана башка эларалык өлкөлүк турнирлер өткөлүлдү [4].

**Лейлек (Фергена) күрөшү.** Орто кылымдарда Лейлек районундагы азыркы Кара-Булак айылы шаар болгондугу талашсыз. Биздин аймакты ар тараптуу үйрөнүп чыккан Москвалык окумуштуу археолок Г. А. Барыкина араб тарыхчысынын (Хк.) билдирүүлөрүнө негизделген академик В.В. Бартольддун пикирине таянып Кара-Булак тоолуу чыгыш тарабындагы орто кылымдарда белгилүү Асбаникат шаары деген пикирге келген. Эгер Кара-Булак орто кылымдарда чарбалык-маданий жактан бир топ өнүккөн шаар болгон болсо – демек, анын байлыктарын коргоо үчүн жоон билек балбан аскерлердин болуш мыйзам ченемдүү зарылдык болгон десек жаңылышпайбыз. . Александр Македонский Индияга жортуул жасаганда, азыркы Худжанд шаарына келип, Илек-Илек (Лейлек) тарапка жөнөгөндө жергиликтүү тургундар тарабынан катуу сокку жеген. Ошондуктан Македонскийдин аскерлери артка чегинүүгө мажбур болгон. Мындан улам биз мекендеген жер жоон билек балбандардын мекени болгонун дагы бир жолу далилдеп турат. Катышуу салмактары 57,62,68,74,82,90,100, +100 кг. Кыргыз Улуттук классикалык күрөшүнүнүн негизги принциби тизе, жамбаш менен таза көтөрүп жыгылтканда жана атаандашын көтөрүп бутун килемден үзгөндөн кийин ар кандай эреже менен жыгытса болот. Атаандаштардын күрөшүүсү 5 мүнөттөн турат. Балбандар бири бирин берилген убакытта жыгыталбай калган учурда упайдын негизинде жеңишке ээ болот [7].

**Кулатуу күрөшү жаралышы**. Кулатуу «Ажыдаардын» мектеби болуп саналат. «Ажыдаар кулатуу» найзалар, союлдар жана канжарлар менен куралданган канаттуу жыланды элестетет. «Ажыдаардын» түзүлүшү Канжар кол, Найзакер, Союлчу, Куш, Жаачы жана Жылан стилдерин үйрөнүүдөн жыйынтык катары келип чыгат. Анын бардык эрежелери Турусбеков Темир Муканович тарабынан 1984-жылы иштелип чыккан. Кулатууда

эки-экиден аткарылчу көнүгүүлөрдүн төрт калыбы иштелип чыккан. Атап айтсак, «Жекеме-жеке», «Жалгыз экиге каршы», «Жалгыз үчкө каршы» жана «Жалгыз төрткө каршы». Ар бир аталган көнүгүүлөрдүн калыбында көнүгүүлөрдүн төрт түрү пайдаланылат. Алар: «Чабуул», «Коргонуу», «Каршы чабуул» жана «Каршы коргонуу». Иштелип чыккан калыптар жана түрлөр көнүгүүлөрдүн мазмундарына туура келет. 2013жылы 03 октябрда Буткул дуйнолук "Кулатуу курош Эртаймаш федерациясы" негизделет, анын президенти Кыдырмышев Руслан Жаманакович [6].

Аталган спорт түрү аскер өнөрүнө кирет. Куралсыз аскер Кулатуунун согуш образдарынын анатомиялык куралдары менен куралданган. Кулатуу кыргыздын кол менен салгылашуу боюнча "Мушташ" эрежесинин багыттарынын бири болуп саналат. Кыргыздын кол менен салгылашуу мектептерине «Эр сайыш», «Оодарыш», «Күрөш», «Кулатуу», «Тай тебиш» «Коен тебиш» жана башкалар кирет [8].

Кулатуу – кыргыз элинин күрөш, жоокердик кармаш өнөрү. Кулатуу башка чыгыш оюндары сыяктуу өздүк эрежелерге, ыкмаларга бай. Бул спорт аркылуу кыргыз жаштары ден соолугун, рухий дүйнөсүн жана адамгерчилигин, спортко болгон кызыгуусун артыра алат. Кулатуу чыгыштын жекеме-жеке таймашууларынын контактуу багытына кирет. Жоболору да чыгыш күрөштөрүнүн негизинде үйрөтүүнүн контактуу ыкмасына таянып иштелген. Бул спорт түрүндө “уруп жыкпай, түртүп жык” боорукерлик аярлоо принцип да катылган [9].

**2.Улуттук кыргыз күрөш түрлөрүндө колдонулган ыкмалары**

**Кыргыз күрөшү** күрөшүндөгү негизги ыкмалар: бутту кагуу, торой чалуу, ичтен чалуу (тогонек), төшкө алуу, бурап жыгуу, жамбашка салып ыргытуу, капталына салып ыргытуу, тизеге алуу, бир колду белбоодон кое бергенде, бир колу дайыма курда болу, кайтарма, кагып жыгуу.

**Алыш күрөшүндө** колдонулуучу ыкмалар: кайтарма, бутту ичинен же сыртынан чалуу, токонек артка (бутун атаандашынын бутуна илип артка жыгытуу), бурап жыгуу, тизе оң, сол жамбаш оң, сол төшкө алуу, түртүп жыгуу.

**Лейлек (Ферген) күрөшүнүн** ыкмалары жамбаш алуу, төшкө алуу, тизеге алуу, кайтарма, батбарек.

**Кулатуунун** төрт бөлүгү бар: **Түртүшүү бөлүгү:** Бул бөлүктө гумандуулук алдыңкы орунга чыгып, атаандаштар бирин-бири түртүп жыгып, упай алышат. Уруп согууга тыюу салыңган. **Таймаш:** Таймаш бөлүгүндө да уруп-согууга болбойт. Атаандаштар күрөштүн ыкмалары менен жыгууга, муунтуу, оорутуу, менен утууга болот. **Эр таймаш:** Кадимки панкратионго окшош бөлүгү. Болгону, эр таймашта атаандаш жерде жатканда кол менен чабууга болот. Панкратиондон айырмасы, бул бөлүктө тизе, чыканак менен сокку узатууга тыюу салынат. **Салгылашуу ыкмалары:** Кулатууда эң негизги 7 согуштук стиль бар. Анын баарын өздөштүргөн киши “ Ажыдаар” наамына ээ болот. Алар: ( кылыч кол, келчекти, келтек кол, алп жылаан, жыланчы, ажыдаар) - Кулатуунун баардык стилдеринин жандама образдары, кыймылдар, чабуулдар, коргонуу, каршы чабуул жана каршы коргонуу ыкмалары колдонулат.

**Корутунду.** Улуттук кыргыз күрөшүнүн түрлөрү жана өнүгүү этаптары негизинен бир топ мезгилди өзүнө камтыйт. Байыркыдан – заманбап жашоого карата техникалык, ереже, машыгуу түрлөрү бир топ өзгөрүүлөргө дуушар болгондугу маалымдалды. Ал эми улуттук кыргыз күрөш түрлөрүнү ыкмаларынын айырмаланышы жана колдонуу эрежелериндкги

өзгөчөлүктөр такталды. Учурда! Улуттук күрөш белбоо, “Алыш “ күрөшү эл аралык деңгээлге чыгып “Көчмөндөр оюндарында” көпчүлүктүн бүйүрүн кызытып, өнүгүү жолуна түшүп келе жатат десек жаңылышпайбыз. Балбандарыбыз эл аралык мелдештерде улуттук күрөштүн ыкмаларын пайдаланып, ийгиликке жетишип келүүдө. Жогоруда аталган бардык улуттук күрөш түрлөрү боюнча машыккан балбандардын саны жылдап арткандыгы далилденди. Буга дүйнөлүк жана республикалык көчмөндөр оюндарынын таасири чоң деп билебиз. Мындан тышкары өлкөдө түрдүү мелдештер, той-аштарда, үйлөнү-үлпөт тойлордо жана эл аралык аренада улуттук күрөш түрлөрү боюнча мелдештерде ийгилик жараткан балбандар жаш муунга чоң таасир берүүшүдө.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Абрахманов Б. А., Иманалиев Т.Т. Улуттук кыргыз күрөшүнүн машыктыруунун негиздери, Улуттук кыргыз күрөшүнүн түрлөрү, Кыргыз күрөшүнүн азыркы абалы, 2022. 17-18.б.
2. Анаркулов. Б. Х., Научно-Педагогическое основы скоростно-силовой подготовки занимающихся кыргызской национальной спортивной борьбой “куреш”, 2006. -26. с.
3. Анаркулов Б.Х., Профессионально-прикладная физическая подготовка лиц, занимающихся обеспечением безопасной жизнедеятельности человека: автореф. дис.канд.пед.наук:. – Алматы, 2006. – 26 с
4. Арстанбеков С.А., Б.А Абдырахманов. “Улуттук кыргыз күрөшүнүн техникалык ыкмаларынын классификациясы жана аларды казак, түркмөн, күрөшүндө колдонуу өзгөчөлүктөрү”, магисрт. диссертация 2016. 44-66 б.
5. Байман Ф.Е. Киргизская спортивная борьба «күрөш» - как одно из средств физического воспитания молодежи. Фрунзе, 1972. – 22 с.
6. Саралаев М.К. Кыргызские национальные виды спорта 1993. 36-41 б.
7. Джанузаков К., Илимий изилдөөнүн негиздери жана спортто колдонулуучу методдору: Илимий таанунун методологиясы 2014/ Б 52-53.
8. Тукеев, Э. М. "дене тарбия боюнча жогорку окуу жайларында спорттук күрөштөн даярдоодо колдонулган программаларын талдоо." жарчысы 2017. 83-111 б.
9. Керимов Д., Айкөл манас оюндары, (санжыра – тарыхый, адабий баяндар), 2016. 97-133 б.


**References:**


1. Abrakhmanov B. A., Imanaliev T.T. Fundamentals of coaching of national Kyrgyz wrestling, types of national Kyrgyz wrestling, the current state of Kyrgyz wrestling, 2022. 17-18.B.
2. Anarkulov. B. H., Scientific and pedagogical foundations of speed and strength training engaged in Kyrgyz national wrestling “kuresh", 2006. -26. P.
3. Anarkulov B.Kh., Professionally applied physical training of persons engaged in ensuring safe human life: abstract of the dissertation of the Candidate of Pedagogical Sciences. - Almaty, 2006. – 26 P.
4. S. Arstanbekov.A., B.A. Abdurakhmanov. ”Classification of techniques of national Kyrgyz wrestling and features of their application in Kazakh, Turkmen, Kazakh wrestling", Master. dissertation 2016. pp. 44-66.
5. F. Bayman.E. Kyrgyz wrestling " kurash " - as one of the means of physical education of youth. Frunze, 1972. -22 P.

6. M. Saralaev.K. Kyrgyz national sports 1993. pp. 36-41.
7. K. Januzakov., Fundamentals of scientific research and methods used in sports: methodology of scientific cognition 2014/ pp. 52-53.
8. Tukaev, E. M. "analysis of programs used in preparation for wrestling in higher educational institutions of physical culture."vestnik 2017. pp. 83-111.
9. D. Kerimov., Aikol Manas games, (genealogical – historical, literary stories), 2016. pp. 97-133.

УДК:101.1:2 (575.2) (04)
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(1)-102-112

**Салморбекова Р.Б., Алымбаев Абдрахман Мырзагулович, Нусубалиева Г.**
КР УИА, социология илимдеринин доктору, профессор,
КР УИА, тарых илимдеринин кандидаты, доцент
КР УИА, философия илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.,
**Салморбекова Р. Б, Алымбаев Абдрахман Мырзагулович, Нусубалиева Г.**
НАН КР, доктор социологических наук, профессор,
НАН КР, кандидат исторических наук, доцент
НАН КР, кандидат философских наук, и.о. доцента
**Salmorbekova R. B., Alymbayev Abdrakhman Myrzagulovich, Nusubalieva G.**
NAS KR, Doctor of Sociological Sciences, Professor,
NAS KR, Candidate of Historical Sciences, Associate Professor,
NAS KR, Candidate of Philosophical Sciences, Acting Associate Professor

# СОЦИАЛДЫК ФИЛОСОФИЯДАГЫ ДИН ТЕОРИЯЛАРЫНЫН КАЛЫПТАНЫШЫ
# ФОРМИРОВАНИЕ РЕЛИГИОЗНЫХ ТЕОРИЙ В СОЦИАЛЬНОЙ ФИЛОСОФИИ
# FORMATION OF RELIGIOUS THEORIES IN SOCIAL PHILOSOPHY

**Аннотация:** Макалада социалдык философиядагы дин теорияларынын калыптанышы жөнүндө баяндалат. Мында, коомдо дин түшүнүктөрү боюнча мурунку жана акыркы учурдагы социологдордун динге болгон илимий көз карашы мисал келтирилет. Социалдык философиядагы көз караштын негизинде психологиялык, гнесологиялык өзгөчөлүктөрдүн келип чыгышы, тарыхый өсүп-өнүгүүдө диний түзүлүшү жана анын элементтеринин өзгөрүүгө дуушар болушу, азыркы учурда дүйнөлүк диндин түзүлүшү жана бир канча компоненттери жөнүндө баяндалат.

**Аннотация:** В статье описывается становление религиозных теорий в социальной философии. Здесь приводятся примеры научных взглядов предшествующих и современных социологов на концепции религии. С позиций социальной философии описывается структура и некоторые составляющие мировой религии в настоящее время, а также происхождение психологических и гносеологических особенностей изменения религиозной структуры и ее элементов в ходе исторического развития.

**Abstract:** The article describes the formation of religious theories in social philosophy. Examples of the scientific views of previous and modern sociologists on the concepts of religion are given here. From the standpoint of social philosophy, the structure and some components of world religion at the present time are described, as well as the origin of psychological and epistemological